# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮДӨ ГРАММАТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДЫ БЕРҮҮ МАСЕЛЕСИ ТУУРАЛУУ

**Кутманбек БИЯЛИЕВ**
Кыргызстан—Россия Славян университети

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусуна ээ болушу аны башка улуттарга үйрөтүүнүн концепциясын кайрадан карап чыгууга түрткү берди. Чакан макалада биз тил үйрөтүү методикасындагы анын бир гана аспектисине—грамматиканы окутуу маселесине көңүл бурмакчыбыз.

«Грамматика» термин катары тил илиминде төмөнкүдөй маанилерге ээ:

а) сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн конкреттүү материя—лык (лексикалык, заттык) маанисинен четтеген сөздөрдүн формаларын; сөз айкаштардын, сүйлөмдөрдүн түрлөрүн, типтерин иликтеген тил илими—нин тармагы;

б) тилдин грамматикалык түзүлүшү (ушул тилге таандык болгон сөздүн, сөз айкашынын, сүйлөмдүн түзүлүшү);

в) сөз өзгөртүүчү жана айкаштыруучу эрежелердин жыйындысы (**Ахманова, 1966: 112**).

Булардын ичинен тил окутууда «грамматика» термини көп жылдар бою өзүнүн үчүнчү, тар, маанисинде колдонулуп келгендигин белгиле—мекчибиз.

1970—жылдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга үйрөтүү методикасында грамматикалык—котормо мамиле кылуу орун алгандыктан, тил үйрөтүү процесси грамматиканы фонети—кадан тартып татаал сүйлөмдүн синтаксисине чейин ырааттуу сызыктык ыкма менен совет элинин турмушун чагылдырган чакан тексттердин негизинде, түрдүү грамматикалык көнүгүүлөр аркылуу окутууга багыт—талган [**Ахматов ж.б., 1975**]. Бирок ошондой мамиле кылуу тилди колдоно билүүгө алып келген жок. 1990—жылдардан тартып грамматиканы жаңы багытта окутуу аракеттери жасала башталды. Ошол аракеттердин ойдогудай ийгиликтүү болбогондугу тил үйрөтүүдө методикалык илимий базанын өксүктүгүн айгинелеп турат.

Тил үйрөтүү методикасы үчүн грамматиканын кайсы аныктамасы жана кандай мааниде колдонулушу ыңгайлуураак, тил үйрөтүүдө грамматиканын чыныгы ролу кандай деген суроолор жаралат.

Ушул суроолорго жоопторду Л.В. Щербанын эмгектеринен табуу мүмкүн. "Грамматика—бул каражаттардын репертуары. Алардын жардамы менен, биринчиден, белгилүү эрежелер аркылуу ойдун өз алдынча предметтеринин ортосундагы катыштык көрсөтүлөт, экинчиден, белгилүү эрежелер аркылуу жаңы сөздөр пайда болот" (**Щерба, 1974: 322**).

Бул аныктамадан логикалык мамилелерди көрсөтүүчү синтаксис менен морфологиядан тышкары дагы сөз жасоо да грамматикалык

системага кире тургандыгы көрүнүп турат. Грамматика экинчи тилди өздөштүрүүдө стратегиялык орунду ээлери анык.

Окутуучулар өздөрүнүн ишинде төмөнкүдөй фактыга кабылат: айрым студенттер сүйлөмдөгү бардык сөздөрдүн маанисин түшүнгөнү менен, сүйлөмдү туура которо алышпайт. Бул көрүнүш грамматика ойду уюштуруучу борбор экендигин далилдейт.

**Грамматиканы окутуудагы жаңы багыттар.** Тилди маектешүүнүн каражаты катары колдоно билүү үчүн, тил кубулуштарынын формалуу жактарын: грамматикалык категориялардын тутумун, грамматикалык бирдиктердин өзгөчөлүктөрүн окуп өздөштүрүү аздык кылат, аларды кепте, сүйлөмдөрдө колдоно билүүгө үйрөтүү керек.

Бардык грамматикалык эрежелерди мыкты билгени менен, баары бир аларды колдонуп экинчи тилде өз алдынча эркин кепти жаратууга, маектешүүгө студенттин кудурети жетпеген учурлар да болот. Ошондой көрүнүштөрдүн өзөгү эмнеде? Анын себебин ачып көрсөтүүгө аракеттенели.

Кепте грамматикалык формалардын колдонулушу грамматикалык маанини билдирүү менен гана чектелип калбайт. Зат атооч — бул заттын атын билгизген, ***ким? эмне?*** деген суроолорго жооп берген, сан, жак жана таандык, жөндөмө мүчөлөр аркылуу өзгөргөн сөз түркүмү; этиш — бул кыймылды, процессти жана ал—абалды билгизген сөз түркүмү экендигин студент билет. Бирок кепте зат атоочтор менен этиштердин синтаксистик кызматын, б.а., синтаксистик катышын, андан ары маектешүү кырдаалында ар түрдүү коммуникациялык маселелерди чечүү үчүн алардын өз ара мамилелешүүлөрүн иликтегенде гана зат атоочтор менен этиштершин ролун аныктаса болот. Кептин жаралышын (психологиялык аспектисин) жана аткарган кызматын талдоого аракет кылсак, кеп адам ишмердүүлүгүнүн өтө татаал түрү экендиги аныкталат (**Выготский, 1934; Леонтьев, 1970' Зимняя, 1989**).

Илимдин түрдүү тармактарынын өкүлдөрү адам кеби аттуу табигый түрдө жаралган феноменди иликтөө үчүн комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүүдө. Азыркы учурда кепти башкарган, объективдүү түрдө аны иретке салган же иретке келтирген тил механизми бар экендигин эч ким тана албайт жана аны кең мааниде грамматика деп да атап жүрүшөт.

Тил үйрөтүү методикасы лингвистика менен башка чектеш илимдерге (психологияга, социологияга, коммуникациялык теорияга ж.б.) таянгандыктан, тил үйрөтүүдө грамматика боюнча билимдердин көлөмү менен мазмуну жана аларды практикалык түрдө колдонуу маселеси дайыма ошол илимдердин жетишкендиктерине байланыштуу чечилип келген. Ошондуктан тил механизми башында тилдин системасы менен шайкеш деп табылса (системалык мамиле кылуу), андан кийин тил моделине байланыштырылып (структуралык мамиле кылуу), акырында тил бирдиктеринин функциясы, кызматы менен аныкталчу маселе болуп калды (функциялык мамиле кылуу зарылдыгы аныкталды).

Тил кубулушунун функциясы (кызматы) менен формасы тилдеги эң маанилүү мамилелерди белгилейт жана ал кепте ачык—айкын байкалат. Ошондой мамиле тилдин грамматикалык механизмин түшүнүүгө чоң түрткү берген. 70—жылдардан тартып функциялык лингвистика

чөйрөсүндө изилдөөлөр (**Бондарко, 1978; Золотова, 1982**) жана алардын методикада колдонулушу тилдин системасы менен тыгыз байланышта болгон кепти иликтөөгө багытталган. Ушул багыт төмөнкү маселелерди чечүүгө арналган:

а) тилдин деңгээлдерин бөлүп, аларды функция жагынан мүнөздөө;

б) айтымды жаратууда тилдин бардык деңгээлдеринин өз ара аракеттенишүүсүн ачуу;

в) тил бирдиктеринин өз функцияларын аткарууда экстралингвисти–калык факторлорго (маектешүүнүн максаты менен шартына, студенттердин коммуникациялык муктаждыгына, экинчи тилди окуу мотивдерине ж.б.) болгон көз карандылыгын көрсөтүү.

Ошентип, методиканын «эмнеге үйрөтүү?» деген негизги суроолору–нун бири азыркы учурда «студенттердин коммуникациялык муктажды–гына байланыштуу кыргыз тилине үйрөтүү» деген жаңы, кең мазмунга ээ болууда.

Баарына белгилүү фактылардын, мисалы, зат атоочтун барыш жөндөмөсүнүн грамматикада окутулушун көрсөтүү үчүн нуктук грамматикага кайрылалык. Орус аудиториясы үчүн эң эле кеңири тараган кыргыз тилинин окуу китебинде барыш жөндөмөдөгү сөздөр кайсы мүчөлөр аркылуу уюштурулгандыгы, алардын синтаксистик милдети (кыйыр толуктооч, орун жана мезгил бышыктооч) жана кайсы жандоочтор менен айкаша алгандыны тууралуу айтылат (**Ахматов, 1970: 41**). Ошол окуу китебинде барыш жөндөмө жөнүндө грамматикалык кубулуш катары маалымат берилет. Бирок кепте колдонуу үчүн мындай маалымат жетишсиз. Эгерде функциялык—маанилик багытты көздөгөн окуу китебине кайрылсак, анда ошол эле барыш жөндөмө тууралуу төмөнкү маалыматтарды ала алабыз. Теманын өзү **«Барыш жөндөмө»** деп аталбай, **«Кимге? эмнеге? кайда? деген суроолорго жооп берген сөздөрдүн колдонулушу»** деп аталган. Ошол жерде түз эле барыш жөндөмөнүн колдонуу мааниси тууралуу: кыймылдын багытын, максатын билдирет деп айтылат (**Өмүралиева, Кундузакова, 1993: 54**).

Функциялык лингвистиканын принциптерине таянган методикада үч түрдүү мамиле кылуу белгилүү: маанисинен формасына өтүү, формасынан мазмуну менен функциясына өтүү, бул эки мамилени аралаштырып (синтездеп) колдонуу.

Мамиле кылуунун биринчиси окутуунун алгалаган этабында, мисалы, мектептин жогорку класстарында, атайын орто жана жогорку окуу жайларында натыйжалуу деп табылган. Окутуунун ошол этабында студенттердин сөз байлыгы жетиштүү болуп, алардын тил системасы тууралуу түшүнүгүнүн бар болушу зарыл.

Кеп ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүнүн (окуу, угуп түшүнүү (аудирлөө), жазуу жана сүйлөөнүн) ыгын (эбин) билүү, алар боюнча машыгуулар жаңыдан калыптанып жаткан окутуунун баштапкы жана ортоңку этаптарында көбүнчө экинчи (формадан мааниге, функцияга өтүү) мамиле кылуусу колдонулат. Ал эми мындай мамиле кылуу коммуникациялык принципке каршы турары бышык.

Мында эки түрдүү мамиле кылуунун синтези, б.а., тилди анын системалык жана функциялык аспектилеринин бирдиктүүлүгүндө кароо өтө натыйжалуу жана келечектүү мамиле кылуу катары каралып жүрөт.

Окутуу максаттары үчүн тилди система түрүндө мүнөздөө анча натыйжалуу эмес экендиги, ал кеп ишмердүүлүгүн камсыз кыла албаганы мурдатан эле белгилүү болгон. Тил—бул түзүлүштүк жана функциялык логикасы бар бирдиктүү кубулуш, системалык—структуралык түзүлүш. Бирок тилди жалаң гана функциялык жактан мүнөздөгөндө, тил тууралуу өйдөдө көрсөтүлгөндөй түшүнүк пайда болбойт. Студенттерде кыргыз тили жөнүндө система катары элес, түшүнүк жаралмайынча, ал (кыргыз тили) окуу жана өздөштүрүү үчүн өтө татаал кубулуш болуп кала берет. Ушул багыт лингвистика менен методикада келечектүү деп табылганы менен, азыркы учурда ага таандык маселелер алигече иштеле элек. Мисалы, тилдин грамматикалык ядросу менен периферриясын бөлүп чыгаруу иши өтө маанилүү болсо да, ал али чечиле элек маселе. Ошондой эле бүгүнкү күндө колдонулуп жүргөн грамматиканын морфология бөлүмүндө морфологиялык категориялардын тар маанилери жетиштүү түрдө изилденген эмес. Синтаксисте болсо сүйлөмдөрдүн базалык моделдерин бөлүп чыгаруу аракеттери улантылууда. Сөз жасоо деңгээлинде сөз жасоо типтери мүнөздөлүп иликтенүүдө жана сөз жасоочу морфемалардын инвентары жаралууда. Методика үчүн грамматикалык ядронун бөлүнүп чыгарылышы өтө маанилүү, анткени ушул маселенин чечилиши менен бирге материалды тандап алуу жана ошол материалды берүү маселелери да кошо чечилмекчи. Дагы муну менен катар тил каражаттарынын кайсылары активдүү түрдө, кайсылары пассивдүү түрдө өздөштүрүлүшү керек экендиги да аныкталат.

**Грамматикалык материалды тандоо принциби.** Кыргыз эмес студенттер үчүн кыргыз тилинин грамматикасын өздөштүрүү—бул алардын максаты гана эмес, экинчи тилди өздөштүрүү каражаты да болот. Алар грамматиканы, баарыдан мурда, кыргыз кебин түшүнүү жана аны өз алдынча туура түзүү үчүн билиши керек. Мындай практикалык багыттоо тил материалынын тандалыш жана сабакта берилиш өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

Грамматикалык материалдын тандалышынын принциптери лингвистикалык жана дидактикалык принциптердин комплексин түзөт.

Өтө маанилүү лингвистикалык принциптердин бири болуп функциялык принцип эсептелет.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектепте кыргыз тили үчүн грамматикалык минимум мурдатан түзүлгөн болсо, бул иш кыйла жеңил болмок. Грамматикалык минимумду тандап алуу—бул белгилүү бир деңгээлде кеп ишмердүүлүгүн өздөштүрүү максатында тилдин грамматикалык элементтеринин чектелген тобун бөлүп чыгаруу. Ошол грамматикалык элементтердин кеп ишмердүүлүгүндө, тилде (кепте) колдонуу жыштыгы, стилистикалык нейтралдуулугу, өнүмдүүлүгү, үлгүлүүлүгү, зарылдыгы менен жетишерлиги ж.б. жактары эске алынып, алар ушул аталган принциптердин негизинде тандалууга тийиш.

Тил үйрөтүү методикасында тилдин касиеттерин, кубулуштарын, фактыларын, алардын маанилери менен бирдиктерин тил деңгээлде—

ринин (ярустарынын) тыгыз байланышында окутуу функциялуулук болуп эсептелет (**Быстрова, 1986: 12–13**).

Бирок, тилекке каршы, окуу китептеринин көбүндө ушул принцип колдонулган эмес.

Экинчи тилди үйрөтүү методикасында баса белгилей турган лингвистикалык принциптердин бири–грамматикалык кубулуштун тилде (кепте) колдонуу жыштыгы принциби. Бул принцип эң эле көп колдонулуучу грамматикалык бирдиктерди тандап алууну талап кылат. Албетте, ушундай грамматикалык кубулуштарды бөлүп чыгарууда атайын өткөрүлгөн омоктуу изилдөөлөргө таянуу керек, бирок, тилекке каршы, ушундай изилдөөлөр азыркы учурга чейин жүргүзүлө элек.

Окуучунун эне тилин эске алуу принциби грамматикада дагы бир маанилүү принцип катары каралат. Ошол принципти колдонуу үчүн албетте кыргыз тили менен башка тилдер аралык салыштырма грамматикалар пайда болууга тийиш. Азырынча орус жана кыргыз тилдеринин гана салыштырма грамматикасына арналган изилдөөлөр белгилүү. Атай кетсек, алар–эки тилдин грамматикасындагы морфология бөлүмүн салыштырууга арналган 1960–жылдардын ортосунда жазылган Захарованын эмгеги (**Захарова, 1965**), эки тилдин синтаксисин салыш–тырууга арналган 1980–жылдары пайда болгон Чоңбашевдин моногра–фиясы (**Чонбашев, 1980**). Арийне, бул изилдөөлөрдө эң маанилүү маселелерге көңүл бурулгандыгын тана албайбыз. Бирок, ошентсе да, азыркы учурда кыргыз тилин окутуу методикасы лингвистиканын бүгүнкү өнүгүү деңгээлине туура келген жаңы салыштырма изилдөөлөрдү талап кыларын да белгилей кетүү жөн.

**Грамматикада сөз жасоонун орду жана сөз жасоо материалын тандоо маселеси.** Грамматика морфология менен синтаксис бөлүмдө–рүнөн тышкары сөз жасоону да камтыйт. Бирок башында аталган эки бөлүм турукташып калган методикалык иштетүү салтына ээ болсо, сөз жасоо грамматиканын курамында жаңы киргизилген бөлүм болуп эсептелет. Ошол себептен ушул маанилүү жана татаал бөлүм методикалык жактан иштетилген эмес. Мектеп курсунун «сөз жасоо» бөлүмүндө негиз жана анын типтери, куранды мүчөлөр тууралуу маалыматтар берилген.

Сөз жасоо мыйзамдарын билүү башка улуттагы студенттердин орфографиялык жактан билимдүүлүгүнүн жогорулашына, алардын сөз байлыгынын өсүшүнө, көптөгөн морфологиялык категорияларды, разряддарды, айрым формаларды түшүнүп өздөштүрүүгө кеңири жол ачат.

Азыркы лингвистикалык теорияны колдонуп, кыргыз тилин чет тили катары окутууда төмөнкүдөй бүтүм пайда болду: кыргыз тилин жогорку окуу жайларында окутуу тажрыйбасы көрсөткөндөй, сөз жасоо моделин (сөз жасоо тибин) өзүнчө окутуу бирдиги катары алуу–натыйжалуу, жемиштүү методикалык жол. Бул окутуу бирдиги туунду жана түзүүчү негиздер, өнүмдүү жана өнүмсүз сөз жасоо мүчөлөрү тууралуу теориялык маалыматтардын берилишин талап кылат. Ошону менен бирге сөз жасоо деңгээлинин системалуулугун чагылдырган тил материалдарында морфемалардын синонимдештиги, антонимдештиги, омонимдештиги жана көп маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтар да өтө керектүү экендигин белгилей кетели. Сөз жасоону

окутуп жаткан учурда аны орус жана башка тилдердеги сөз жасоо типтерине, моделдерине салыштыруу кыргыз тилинин өзгөчөлүгүн терең өздөштүрүүгө түрткү берет. Мисалы, орус тилин ала турган болсок, андагы абстрактуулукту туюндурган синонимдеш бир нече суффикстерге (***карьер–изм, богат–ств–о, деликатн–ость***) кыргыз тилинде бир эле сөз жасоо мүчөсү (***сулуу–лук, бай–лык***) туура келсе, айрымдарына, маселен, мааниси боюнча кичирейтүү–эркелетүүнү билдирген суффикстерге (***руч–онк–а, руч–ищ–е***) кыргыз тилинде дал келген сөз жасоо мүчөлөрү такыр эле жок (***чоң кол, кичинекей кол***). Тескерисинче, кыргыз тилиндеги айрым сөз жасоочу мүчөлөрдүн орус тилинде эквиваленттерин табуу мүмкүн эмес: ***бала–луу*** (имеющий детей), ***тизе–ле*** (стоять на коленях) ж.б.

Сөздүн түзүлүшүн изилдөөдө студенттерди механикалык түрдө жаттоо ыкмасынан алыстатып, аларды мотивацияланган, жакынкы уңгулаш сөздөрдү издеп табуу жолу аркылуу аң–сезимдүү иликтөөгө үйрөтүү зарыл. Ошондо гана морфемалык жана сөз жасоо боюнча студенттердин иликтөөлөрү бири–бирине карама–каршы келбестен, бири экинчисин толуктап, тилде сөздүк корунун басымдуу көпчүлүгүн түзгөн туунду сөздөрдүн түзүлүшүн окутканда, алардын анализ жана синтез процесстери бирдиктүү өтө баштайт.

Кыргыз тилин экинчи же чет тили катары окутуу методикасы өнүгүп келе жаткан илим болгондуктан, андагы актуалдуу маселелерди белгилеп, аларга изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурдуруп, аларды талкууга алып чыгуу методиканын тез жана үзүрлүү өнүгүшүнө өбөлгө түзөрүнө ишенебиз.

## АДАБИЯТТАР


БОНДАРКО А.В. **Грамматическое значение и смысл**.–Л., 1978.

БЫСТРОВА Е.А. **Обеспечить свободное владение языком**.–Русский язык в национальной школе, 1986, №6, с.12–13.

ВЫГОТСКИЙ Л.С. **Мышление и речь**.–М., Л., 1934.

ӨМҮРАЛИЕВА С., КУНДУЗАКОВА С. **Изучаем кыргызский язык**. Учебное пособие для начинающих.–Бишкек, 1993.

ЗАХАРОВА О.В **Сопоставительная грамматика русского и кыргызского языков**. Морфология.–Фрунзе: Мектеп, 1965.

ЗИМНЯЯ И.А. **О смысловом восприятии речи**.–В кн.: Психологические вопросы обучения иностранному языку.–М., 1970.

ЗИМНЯЯ И.А. **Психология обучения неродному языку**.–М., 1989.

ЗОЛОТОВА Г.А. **Коммуникативные аспекты русского синтаксиса**.–М., 1982.

ЛЕОНТЬЕВ А.А. **Некоторые проблемы обучения русскому языку как иностранному (психологические очерки)**.–М., 1970.

ЧОНБАШЕВ К.С. **Сопоставительная грамматика русского и кыргызского языков: (Синтаксис)**. Учеб. Пособие для студентов фил. фак. вузов и учителей сред. школ.–Ф.: Мектеп, 1980.

ЩЕРБА Л.В. **Преподавание иностранных языков в средней школе**.–В кн.: Языковая система и речевая деятельность.–Л., 1974.